УДК: 002.2

Акунова Г.М.
*К Р Т ИМ К. Дикамбаев атындагы*
*Дипломатиялык академиясы*
*Ысык-Көл облусунун*
*Жети-Өгүз районунун*
*С.Мендебаев атындагы*
*Табият таануу бирикмесинин*
*география мугалими*

# КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ – МАМЛЕКЕТТИН БАШКЫ КИТЕБИ
# КЫРГЫЗСКАЯ ЭНЦИКЛОПЕДИЯ – ГЛАВНАЯ КНИГА ГОСУДАРСТВА

*Бул макалада энциклопедиянын пайда болуу тарыхы, кыргыз энциклопедиясын алгачкы түзүүчүлөрүнүн бири З.Бейшеевдин эмгек жолу жана кыргыз энциклопедиясына сиңирген эмгеги каралган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *энциклопедия, термин, туңгуч, тарыхый, академия, полиграфия, редакция, библиография, илимий тармак.*

*В этой статье рассмотрена история возникновения энциклопедии, а также трудовая деятельность и заслуги одного из основателей кыргызской энциклопедии З.Бейшеева в её создании.*

***Ключевые слова:*** *энциклопедия, термин, исторический, академия, полиграфия, редакция, библиография, научная отрасль.*

*This article considers the history of encyclopedia, as well Z.Beysheev"s work activity, as one of the founders of the Kyrgyz encyclopedia and his great contribution into its creation.*

***Key words:*** *encyclopedia, termin, historical, academy, poligraphy, bibliography, scientific sphere.*

Кыргыз энциклопедиясынын жаралышы кыргыз улутунун калыптанышынан бери келатат. Ал жазма түрүндө эмес, оозеки айтылып, муундан-муунга өтүп, жашоо эрежесине айланган. Улуу эпосубуз “Манас” окумуштууларыбыз тарабынан кыргыз элинин энциклопедиясы катары кабылданганы эле эмнени айтып турат. Буга кошумча, кенже эпосторубуздагы эс-тутумдар эзелтен ак-караны тааныган бүтүндөй жараянды айгинелейт. Демек, улуттун аң-сезиминде сакталып, кийинки урпактарга насаат түрүндө келип жеткен маалыматтар кыргыз энциклопедиясынын өзөгүн түзөт.

Дээрибизде сөзгө маани берген, сөздү барктаган жана сактаган касиетибиз менен энциклопедиянын башкы булагын макал-ылакаптарга батырып, барган сайын маалымдуулугубузду арттырып келе жатабыз. Ошондуктан энциклопедиянын ээси – эл. Эл үчүн керек нерсе эч качан унутулбайт, карыбайт. Колго кармап китеп түрүндө көрө албасак да, жадымыбызда, жан дүйнөбүздө ар дайым жаңырат, экинчи өмүрүн кагаз бетинен табат. Айтор, энциклопедия дегенибиз−биздин жашоо маңызыбыз, болочоктогу балдарыбызга калтыра турган сабагыбыз.

Эми энциклопедия деген терминге токтоло кетели: бул эзелтен орус сөзү эмес. Башаты байыркы гректерге барып такалат. Enkyklios paideia – илимдин бардык тармагын окутуу дегенди түшүндүрөт. Ошентип, энциклопедия термини эзелки доордо жалпы билим берүүнүн (м., грамматика, риторика, логика, геометрия, арифметика, музыка ж.б.) жыйындысын туюнткан. Түзүлүшү боюнча алфавиттик (маалыматтар алфавит тартиби менен жайгашат) жана түзүмдүк жактан (тармактар боюнча) айырмаланат. Ал эми көлөмүнө жараша шарттуу түрдө чоң (ондогон томдуу), кичине (10-12 томдуу), кыскача (5-6 томдуу) же энциклопедиялык сөздүк деп аталат.

Азыркы биз колдонуп, пайдаланып, маалымат алып жүргөн кадимки энциклопediянын үлгүсү жана жаралышы жаңы мезгилге таандык. Анын туңгуч туундусу, б.а., китеп түрүндө, кагазга түшкөнү Франция мамлекетинде аалымдар Д.Дидро менен Ж.Л. Д/ Аламбер тарабынан редакцияланып, “Энциклопедия же Илимдин, искусствонун жана кол өнөрчүлүктүн түшүндүрмө сөздүгү” чыккандан кийин, энциклопедиянын багы ачылган. 17-кылымдын 2-жарымынан тартып, Европанын өнүккөн өлкөлөрүнүн баары, 19-кылымдын 2-жарымында АКШ өз алдынча энциклопедия чыгарууга киришкен.

Алардын белгилүүлөрү: 1975-жылы 15 басылыштагы “Британия энциклопедиясы”, 80 томдук “Эспаза” аталышындагы италия энциклопедиясы (1908 – 30; 1930 – 33-жж.), “Брокгауз энциклопедиясы” ГФРде 1966-жылы 20 томдугу, 1971-жылы 60 томдук француздук “Ларусс энциклопедиялары” жана да соңку басылыштагы 30 томдук “Америка энциклопедиясы”. Күндөн -күнгө маалыматка муктаждык күч алган сайын тармактык энциклопедиялардын зарылдыгы мезгилдин талабына айланып, “Соода-сатык энциклопедиясы”, “Айыл чарба энциклопедиясы”, “Педагогика энциклопедиясы” сыяктуу зор эмгектер биринин артынан бирин толуктай баштаган.

Кыргыз Республикасынын башкы китеби болгон Кыргыз энциклопедиясы биринчи жолу китеп түрүндө 1976-жылы “Кыргыз Совет энциклопедиясы” деген ат менен чыгаан инсан, философия илимдеринин доктору Асанбек Табалдиевдин башкы редакторлугу астында жарыкка чыккандыгы маалым. Албетте, ал убакта саясат, коомдук түзүлүш башка эле. Андыктан ал мезгилди өз өзгөчөлүгү, бөтөнчөлүгү бар түзүмү менен кабыл алууга тийишпиз. Биз өткөнүбүздү жерисек, бирөө башкасын, биз каалаганды бербегендигин эске алсак, анда 6 томдук кызыл китептин камтыган маалыматтары арбын, көптөгөн керектүү фактыларды, тарыхый жана тилдик түшүнүктөрдү таап алууга мүмкүнчүлүгү кеңири.

Ошол “Кыргыз Совет энциклопедиясын” азыр дагы колдонобуз. Андан маалыматтарды алабыз. Ошондуктан Кыргыз энциклопедиясынын, т.а., Кыргыз мамлекетинин башкы китебинин башаты катары карайбыз жана эсептейбиз. 1980-жылы акыркы алтынчы томдугу чыгарылгандан кийин деле, Кыргыз энциклопедиясынын иши токтоп калган жок. Энциклопедияны жаратуучулар: Кыргыз илимдер академиясы менен Кыргыз ССР Басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети чоң максаттарды көздөп, “Фрунзе”, “Улуу Октябрь социалисттик революциясы” аттуу сурап алма, маалыматтык энциклопедиялык сөздүктөрдү даярдоого жетишкен.

Канткен күндө да кызыккан адамдардын маалымат алуусунун мүмкүнчүлүгүн кеңири арттырып, “Кыргыз Совет энциклопедиясы” өз милдетин аткара алды десек, ишенимдүүрөк бышыктоо болгону турат. Бул томдуктарга илимий-техникалык, коомдук окуяларды баяндаган макалалардан тышкары, 55890 термин камтылганын баса белгилеп, айта кетели. Антсе да КСЭнин биринчи томунун баш сөзүндөгү аныктоого кантип кошулбай коё алабыз: “Алты томдон турган улуттук универсалдуу энциклопедиянын биринчи жолу кыргыз тилинде чыгышы республикабыздын советтик доордо жалпы коомдук өнүгүш жактан зор тарыхый ийгиликтерге жетишкенин айкындап, ... өсүп-өнүккөн кыргыз элинин рухий мүмкүнчүлүктөрүнө, улуттук адабий тилибиздин өөрчүшүнө айдан ачык далил болот” [1].

Бирок коммунисттик идеологиянын үстөмдүгү менен айрым маселелер теңирден тескери чечилгенин жашыра албайбыз. Алар ачыктан - ачык буржуазиялык түзүлүштү жактагандардын, антикоммунисттердин, оңчул жана “солчул” ревизионисттердин ой-пикирлерин жана аракеттерин ашкерелейт дегенин жүзөгө ашырып, нагыз кыргыз тарыхындагы, нукура кыргыз тилиндеги түшүнүктөрдү, маанилерди ж.б. тыянактарды четке каккан жактары кездешпей койбойт. Ошонун кесептинен “Кыргыз Совет энциклопедиясынан” 19-кылымдын ойчулдары жана акындары Калыгул, Арстанбек

сыяктуу инсандар тууралуу маалыматтардын толугу менен берилбей калышы айкын мисалдардан. Анын үстүнө, БСЭ (Большая Советская энциклопедия) жамааты “бизге карап түздөнгүлө” деген зекүүсүн жылма билдирип турган.

Канчалык кемчилиги кездешкен менен, КСЭ өз озуйпасын мыкты аткарды. Орустардын макалындай: суудан тынч, чөптөн жапыз абалда, күн сайын цензуранын көзөмөлүндөгү редакция жамааты алдына койгон максаттарын ишке ашырып, өздөрүнө тагылган кызматтык милдеттерин абийирдүүлүк менен жасап, ошондогу: “Кыргыз Совет энциклопедиясынын авторлору жана редакторлору үчүн методикалык көрсөтмөлөрдүн” чегинен чыккан эмес. Кол жазма укугундагы 98 беттик бул китепчедеги VII. БИБЛИОГРАФИЯ бөлүмүнөн кичине үзүндү келтире кетели:

<u>Жалпы жоболор</u>

1. Кыргыз Совет энциклопедиясына кирүүчү макалалардын маалымат берүүчүлүк сапатын жогорулатууда библиография маанилүү ролду ойнойт. Макаланын темасына окшош библиография макаланын текстинен кийин келтирилет. Ошондой эле обзордук, комплекстүү жана кээ бир башка макалаларда да библиография тексттин ичинде берилет.

Тексттен кийин же анын арасында келтирилүүчү библиография илимий тармак редакциялары жана сөздүк редакциясы менен бирдикте белгиленет да, белги менен эсепке алынат.

2. Библиография берилбей турган макалалардан кийин шилтөөдө корутундулоочу макалаларды жана ага берилген адабияттарды “к” деген эскертүү бере кетүү керек.

3. Макалаларга берилүүчү ар бир библиографиянын мүнөзү жана көлөмү илимий тармак редакциясы тарабынан белгиленет. Макаланын темасына, анын маанилүүлүгүнө жана көлөмүнө ылайык тексттин аягындагы библиография болжол менен 1-5 наамдан, комплекстүү жана проблемалык макалаларга берилүүчү библиография 3-10 наамдан турушу керек [3].

Ал эми дагы бир кол жазма укугундагы, 14 беттик, “Илим” басмасынан 1969-ж. чыккан “Кыргыз Совет энциклопедиясы үчүн таржымалдык макалалардын схемалары” аталышындагы нускоонун 12-бетиндеги ТАБИГЫЙ БИЛИМ ЖАНА ТЕХНИКА ТАРМАГЫНДАГЫ ОКУМУШТУУ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛА (ошондой эле конструктор, ойлоп табуучу ж.б.) тууралуу тыюу же чектөөнүн чен-өлчөмү мындай:

1. Фамилиясы, аты, атасынын аты (чет элдик ишмер жөнүндөгү макалада фамилиясынын оригиналдуу жазылышы да келтирилет).
2. Туулган жана дүйнөдөн кайткан даталары жана жери.
3. Дефинициясы: кайсы мамлекетке таандык экендиги же улуту; илим менен техниканын кайсы тармагында иштейт; негизги адистиги; ардак наамдары (өтө маанилүүлөрү); окумуштуулук даражасы жана наамы (берилген жылы көрсөтүлүп).
4. Партияга таандык экендиги (КПССтин мүчөлөрү үчүн партияга кирген жылы көрсөтүлөт).
5. Атайын билими ж.б. [2].

Өзүңүздөр күбө болгондой, КСЭнин бетине түшүү ошо кезде оңойго турган эмес. КПССтин мүчөлөрүнө купуя жол ачылганы ушундагы 4 нокоттон эле айкындалып жатпайбы. Анткен күндө да, энциклопедиянын өз тили, өзгөчөлүгү бар экенин эске салалы. Китеп беттериндеги макалалар супсак же кургак баяндалса да, сөздөрү кыскарып, бир караган кишиге түшүнүксүз сезилсе да, фактыларды тастыктаган, текшерүүдөн өткөн, өтө көркөмдөлбөгөн маалыматтардагы саптардын арасынан зарыл болгон, керектүү үрөндү издеген киши таап алууга болот. Демек, Кыргыз энциклопедиясынын келечеги кең. 2006-

жылы академик Ү.Асановдун жетекчилиги астында чыгарыла баштаган “Кыргыз улуттук энциклопедиясы”–“Кыргыз Совет энциклопедиясынын” уландысы жана толукталышы.

Мына ушундай эки доордун, кош мезгилдин энциклопедияларында үзүрлүү эмгектенген, биз бүгүн 80 жылдык маарекесин белгилөө үчүн чогулган жыйындын урматтуу адамы, кыргыз кыйырына ак кызматы менен кадыр-баркка жеткен улуу инсан Закон Бейшеевдин ысмы биринчи жолу Кыргыз Совет энциклопедиясында 1976-жылы алгачкы жарык көргөндө эле илимий тармак редакциясынын география жана геология боюнча старший редактору катары элге таанылган. Андан соң уюштуруучулук жөндөмү, ишбилгилиги аркылуу 1977-жылы жооптуу секретарь кызматтык даражасына жетсе, кийинки жылы, т.а., 1978-жылы Башкы редакциянын мүчөлүгүнө өткөн. Жылдан жылга Закон Бейшеевич дараметин өстүрүп, күч-кубатка ээ болуп, бийиктиктерди багынтты десек, жарашат. Бул адамдын үлгү болуучу жакшы жактары көп. Элине кылган эмгеги эрдикке тете.

Учурда Закон Бейшеевич эгемендүү Кыргыз Республикасынын башкы китеби болгон улуттук энциклопедиясынын оор жүгүн көтөрүп, дагы эле катарда жүргөнүнө жүрөк кубанат. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдында чыгарылып жаткан “Кыргыз улуттук энциклопедиянын” табият жана техникалык илимдер тармагы боюнча башкы редактордун орун басары болуш жеңил иш эмес. 2015-жылы аталган энциклопедия 7 аталыштагы китепти 15 миң нускада, б.а., 656, 5 миң беттик маалыматты тараткан. Мындай агартуучулук иштер быйылкы жылы да улантылып жатат.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Совет энциклопедиясы 1-том, -Фрунзе, 1976, 5-бет.
2. Кыргыз Совет энциклопедиясы үчүн таржымалдык макалалардын схемалары”. – Фрунзе: Илим, 1969, 14 б.
3. Кыргыз Совет энциклопедиясынын авторлору жана редакторлору щчщн методикалык кёрсётмёлёр. –Фрунзе, 1970, 98 б.